***УДК:372. 3***

***Раимбекова М., Кадыржан к Нурийла.***

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА ЖОМОКТОРДУ ОКУТУУДА ЗАМАНБАП ЫКМАЛАРДЫ КОЛДОНУУНУН МААНИСИ

***Раимбекова М., Кадыржан к Нурийла.***

# ИСТОРИИ СОВРЕМЕННЫХ МЕТОДОВ ОБУЧЕНИЯ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ

***M. Raimbekova, Kadyrzhan k Nuriila***

# HISTORY OF CONTEMPORARY METHODS OF EDUCATION IN ELEMENTARY SCHOOL

**Аннотация:** Бул макалада башталгыч класстарда жомокторду жаңы ыкманын негизинде окутуунун жолдору каралды. Айрыкча, жаны сынчыл окуу стратегияларын окутуу ишмердүүлүгүндө колдонуунун маанисине көңүл бурулду.

**Негизги сөздөр:** жомок, жанр, эр жүрөк, шамдагай, жаңы ыкма, элемент

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются проблемы испльзования современных методов и приемов в процессе обучения чтению и анализу сказок учащихся начальных классов. Особое внимание уделено приминению инновационных стратегий критического чтения.

**Ключевые слова:** Сказка, жанр, ловкий, смелый, и новый метод, элемент

**Annotation:** In this article, the problems of using modern methods and techniques in the process of teaching reading and analyzing fairy tales of primary school students are examined. Particular attention is paid to the implementation of innovative strategies for critical reading.

**Keywords:** fairy tale, genre, dexterous, bold, and new method, element

Окуучулардын эпикалык жанр менен таанышуусу жомоктордон башталат. Окуучу жомоктор менен таанышып жатканда, алардын жанрдык табиятын туура өздөштүрүүсү мугалимдин түшүндүрүүсүнөн көз каранды. Жомок «оозеки чыгармачылыкта кеңири тараган, көбүнчө ойдон чыгарылган, окуяларды апыртмалуу, фантазиялуу чагылдырган, сюжети кызыктуу, баяндоо түрүндөгү чыгарма », - деп белгилейт А. Муратов жанаал тууралуу ар тараптуу түшүнүк берилиши шарт экендигин айтат. Мугалим жомоктор негизинен кара сөз түрүндө айтыларын, бирок жомок өзүнүн жаралуусунда далай мезгилди басып келгендиктен, ага жорго сөздүү болорун, айрым учурда ыр түрүндө айтылаарын, кандай формада, кандай шартта берилбесин баары бир баяндоо негизги милдети экендигин окуучуга түшүндүрөт. Мугалим жомокту балдарга ачып берүүдө, андагы окуяларгатереңден сүңгүп кирип, маани бергени дурус. Чыгарманын окуясы, сюжет жана анын элементтери жөнүндө алгачкы теориялык маалыматтар дадал ушул жерден башталууга тийиш. [1]

Окуу программасына ылайык жомокторду окутуу 2- класста«Акылдуу бала өзүнүн шаарын кантип сактап калды ?», 4 - класста « Айкөл Манас баатыр“, 3-класста „ Бакыт – таалай каякта ?“ ж. б. көптөгөн жомокторду окуудан башталат. Алгачкы сабак жомоктор, алардын өзгөчөлүгү жана маанисине арналып, ошону менен катар эле жогорудагы жомокторменен да байланышат. «Акылдуу бала өзүнүн шаарын кантип сактап калды ?» жомогунун башкы каарманы жаш бала, анын адамкерчилик сапатын, мүнөзүн ачуу үчүн жомоктогу окуяларды, экинчи бир удаалаш өткөн окуялар менен бирге, байланышта талдоо шарт. Ошондо гана окуучуларды жомоктун негизги каарманы менен тааныштырууга

мүмкүн болот. Жомокту өтүп жатканда окуучулардын көңүлү эл арасында байкалбай жүргөн жаш баланын ата-энесин, мекенин, эли – журтунсүйгөндүгүнө, алардын ак сүтүн, ата-энелик мээримин актоого жасаган демилгесине, жаратылыштын белгисиз сырларын баш ийдире билген жөндөмүнө, тайманбас туруктуулугуна буруу керек.[2]

Окумуштуу А. Муратов окуучунун алгачкы адабий каарман менен таанышуусун төмөнкүдөй мүнөздөйт: «Өспүрүм куракта бала өзүнө тутка болор үлгүнү, окшош тагдырды адабий каармандардан алат, китеп окуу учурунда шамдагай, эр жүрөк, эчтекеден кайра тартпас, ак көңүл, баатыр, боорукер каармандарды ээрчип, идеал тутуп, алардын жолуна түшүп кеткен учурлары көп болот, тескерсинче, терс сапаттарды алып жүргөн каармандар менен күрөшкө чыгып, аларды жеңгиси келет. Окуучулар бул класстарда турмушту адабий каармандарга салыштырат, китептеги кишилерге жакындыкты өздөрүнүн айланасынан издешет. Кыскасы, адабиятты алгачкы окуу менен бирге эле адабий каарманды таанып биле баштайт». Демек, окуучу чыгарма менен гана таанышып тим болбостон, адабий каарман жөнүндөгү түшүнүгү калыптанат.

Жомокту үн кубултуп көркөм окуп берүү да өз натыйжасын бербей койбойт. Көркөм окууда окуучуга таасир эте турган жерлерин тандап алуу зарыл. Мисалы, «Адегенде баары баланы шылдыңдап күлүштү. Көпкө чейин талашып- тартышып, акыры баланы жиберүүгө макул болушту. Бала уруксат алгандан кийин, өзүнө эң чоң төө, абдан карыган бир теке беришин сурады». Ушул жерден жалпы класска мугалим суроо менен кайрылат.

Бала эмнеликтен жогоркуларды сурады деп ойлойсуңар ? Көркөм окууда мугалимдин көркөм окуусунан тышкары, окуучуларды ролдорго бөлүштүрүп көркөм окутса да болот.

Көркөм окуу иши бүткөндөн кийин окуучунун ойлоосун, кыялдануусун өстүрүү үчүн төмөнкүдөй суроолор жалпы класска берилет:

1. Жомоктогу окуя качан жана кайсы жерде болгон деп ойлойсуңар?
2. Кандай себептен бала төө, теке сурады экен?
3. Кедейдин жалгыз баласы коркунучтуу сапарга барбай койсо эмне болмок?
4. Чындыкта ушундай окуя болушу мүмкүнбү же кыялбы?
5. Жомоктун кандай аякташын каалайт элең?
6. Сен баланын ордунда болсоң кандай иш-аракеттерди көрөт элең?

Ой жүгүртүүгө түртүүчү жогорудагыдай проблемалык суроолорго окуучу оозеки жана жазуу жүзүндө жооп берип жатып, алар, укканына, көргөнүнө карата мамилеси, өтүлүп жаткан материалды өздөштүрүүдөпайда болгон кубанычы жана өкүнүчү угулуп, кыялдануусу көрүнүп тургудай болушу керек.

Ал эми«Акыл Карачач» жомогунда эл акылман кыздын адамкерчилигин ыраазы болуу менен баяндайт. Акылсыз хандын ар кандай жосунсуз жоруктарын, акылсыздыгын ашкерелейт. Акылсыз хан менен айлакер кызды карама-каршы коёт. Хандын бийлигинен, каарынан, буйрук талабынан Карачачтын акылмандыгы жогору турат. Хандын тапшырмаларын акылмандык менен чечип, хандын каарынан элин, жерин, кайын атасын аман сактап калат. [3]

«Акыл Карачач» жомогунөтүүдө окуучуларды топко бөлүү ыкмасын колдонуп өтүлгөн сабактын үлгүсүн сунуштайбыз. Бул ыкма аркылуу окуучулар жомоктун мазмуну менен гана тааныш болбостон, кийинки муундун өкүлү катары өздөрү да кошумчалап, өз сөз өнөрүнө, деңгээлдерине жараша бири-бирине айтуу аркылуу сүйлөө речи калыптанат. Ошондой эле топто иштөөдө бир да окуучу сыртта көз салып калбастан, ар бири өз ой-пикирин айтуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Класстагы окуучулардынбири-биринин ой-

пикирин сыйлоого, ар бир ой баалуу экендигин мугалим ар бир сабакты өтүүдө окуучуларга эскертип, туура багыт берип турuусу зарыл.

Окуучулардынкөңүлүн жаңы жомоккобурдуруу иретинде мугалим алгач чыгарманын башталышындагы «Өмүрүндө чын айтпаган калпычы бала» деген сөздү Жээренче чечен күн сайын угуучу болду – деген жерге чейин үн кубултуп окуп берет. Ушул жерден мугалим доскага калпычы деген ким? – деген сөздү жазат.

Окуучулар алдын ала таратылган флипчарттарга берилген суроого карата өздөрүнүн жоопторун жазып чапташат жана жалпы класс талкуулашат. Мугалим тарабынан жомокту үн кубултуп окуу улантылат. Жогорку ойду бекемдөө максатында

- «Атаа, жаның чыккан балам, эпсиз жерден калп айтып, эбине келтире албай эсим кетпедиби, мындан кийин адам болом десең, калп айтпа, өмүрүң менен ырысыңа чоң зыян келтирет», – дейт Жээренче чечен. Чын эле калп айтуу адамдынөмүрүнө жана ырыскысына зыян келтирет деп ойлойсуңарбы? – деген суроо дагы бир жолу окуучуларга берилет. Ушул жерден окуучуларга эки бөлүктүү күндөлүктү сунуштаса болот.

**Эки бөлүктүү күндөлүк.**

| 1. Чын эле калп айтуу адамдынөмүрүнө жана ырыскысына зыян келтирет деп ойлойсуңарбы? | 2. Кандай далилиң бар? |
|---|---|
| | |

Окуучулар берилген күндөлүктүн эки бөлүгүн тең толтурушат. Жомокту окуу андан ары улантылат.

Окуучулар жомоктогу келтирилген

- «Ат жалына казан ас»
- «Узун жолду кыскарт» – деген сөздөрдүн маанисин жомоктогу чечмеленгени боюнча дептерлерине жазып алышат.

Уулуна колукту издеген Жээренче чечен менен кыздын ортосундагы маекке чейин чейин окулат.

Кыз «Ээ, ата, ал кыздардын төрт зыяны бар, менин бир зыяным, үч пайдам бар», – дейт. Кыздын «бир зыяны, үч пайдасы кайсы» – деген суроо берилип, эми үч бөлүктүү күндөлүк толтуруу сунушталат.

**Үч бөлүктүү күндөлүк**

| 1. Кыздын «бир зыяны, үч пайдасы кайсы»? | 2. Кандай далилиң бар? | 3. Чындыгында эмне болду? |
|---|---|---|
| | | |

Окуучулар 1-2-бөлүгүн толтурушкандан кийинжомокту окуу андан ары улантылат.


Кыздын энеси: «Жалгыз кызымдын калыңын айтып, башына аркан салгансып, малга кантип айры баштайын, жол-жобосун, наркын-салтын кызым өзү билсин», – деген жерге келгенде мугалим окуучуларга дагы бир ирет суроо менен кайрылат.

- Кыз кандай чечим кабыл алат деп ойлойсуңар?

Окуучулардан ар кандай жооптор алынышы мүмкүн. Мисалы, «Кыз Жээренче чеченден калыңга көп мал талап кылат, себеби, ата-энеси абдан кедей турат, ошондуктан алардын малдуу болушун каалайт» же «кыз акылдуу кыз, ал өзүнүн бактысын мал менен өлчөбөйт» ж. б. у. с. жооптор алынат жана аны жалпы класс талкуулашат.

Андан ары окуучуларды ролдорго бөлүштүрүп жомокту көркөм окуу улантылат. Акыл Карачач менен Жаныбек хандын ортосундагы суроо-жоопко окуучулардынкөңүлүн буруу зарыл. Хандын Акыл Карачачка берген алгачкы тапшырмасындагы:

«Тулпарды уйга сатса не болот?
Атты эшекке сатса не болот?
Туйгунду каргага сатса не болот?
Башы ачык адамды наадан кулга сатса не болот?», – деген төрт суроосуна берген кыздын жообун мугалим окуучуларга жөнөкөйлөтүп чечмелеп берүүсү абзел. Ошондой эле каармандын образын ачууда Венндин диаграммасын пайдалануу да натыйжалуу.




Жомокторду окутууда айтылган сунуштар жана жүзөгө ашкан салттуу жана интерактивдүү ыкмалар: мугалимдин кириш сөзү, айтып берүү, аңгемелешүү, проблемалык жагдайлар түзүү, көркөм окуу жана көркөм окууга үйрөтүү жолдору, көрсөтмө куралдарды жана техникалык каражаттарды пайдалануу, жомоктун идеялык мазмунун турмуш менен айкалыштыруу, окуучулардын чыгармачыл демилгеде иштешине шарт түзүү, топ менен иштөө, кластер түзүү, алардын таанып-билүүсүн тереңдетүү жана өстүрүү.

Башталгыч класстарда түрдүү мазмундагы эпикалык чыгармалардын бир түрү – жомоктор боюнча белгилүү өлчөмдө түшүнүк пайда болот. Алгач алардын түшүнүгүндө жомоктордун баары түзүлүшү жактан бири экинчисинен айырмаланбагандай элес калтырат. Мугалимкөркөм чыгарманы өтүүдө адабий талдоо жүргүзүү ишин ар бир сабакта тереңдетип жүрүп отурса, анда ал түшүнүк орто мектепти аяктоо мезгилинде жанабүтүргөндөн кийин да ошол боюнча сакталып калат. Ошондуктан, мугалими аны унуткарып койбой, ыгы келген жерде, улам тереңдетип жүрүп отурушу зарыл. [4]

Башталгыч класстардан фольклордук чыгармалардын эпикалык жанрына кирген жомоктор өтүлүп бүткөндөн кийин окуучулар аздыр-көптүр жомоктун жанрдык өзгөчөлүгүн (кереметтүү (сыйкырдуу), турмуштук) айырмалоого үйрөнүп калышат. Жомоктор –элдик оозеки чыгармачылык аркылуу муундан-муунга сөз өнөрү менен берилип, улам кийинки муундар тарабынан кошумчаланып, бизге чейин жеткен элдин рухий дөөлөтү экенин биргелешип иштөө аркылуу түшүнүшөт. Адамдарды курчап турган жаратылыш, айбанаттар, канаттуулар дүйнөсү жомоктордун негизги мазмуну экендигин андоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Ушул жерден жомокторду жалпылаган жыйынтыктоочу сабакты өтүү талапка ылайык. Бул сабак окуучулардын мурунку сабакта өтүлгөн жомоктор боюнча алган билимди бекемдөөгө жардам берет.

**Адабияттар:**

1. **Алымов Б. А.** Кыргыз совет адабиятын окутуунун айрым маселелери. – Фрунзе: Мектеп- 1976
2. **Башталгыч класстардын программалары.** - Б.: 2000-2010.
3. **Муратов А. Ж.** Көркөм текстти жана адабият теориясын үйрөнүү [Текст]. – Б.: 1992. – 72

4. **Оторбаев Б. К.** Адабиятты окутуунун жаңы технологиялары [Текст]. – Б.: Турар, 2009. – 95 б.

**Рецензент: к. пед. н., доцент Шамурзаева Т. Т.**